# 2012-жылдын акча-кредит саясаты жөнүндө отчет

Улуттук банк Башкармасынын
2013-жылдын 27-февралындагы
№5/1 токтому менен кабыл алынган

## Акча-кредит саясатындагы негизги тенденциялар

2012-жылда инфляциялык басым сакталып турду, анын негизги факторлору болуп дүйнөлүк товардык-сырьелук рынокторундагы жагдайдын туруксуздугу жана бюджеттик тартыштыктын өсүшү болду. 2012-жылы банк тутумунун үстөк ликвиддүүлүгүнүн орточо деңгээли 2011-жылдагы 1,6 млрд. сомдук деңгээлден 2,1 млрд. сомго чейин өскөн. Ушуга байланыштуу Улуттук банк катуулатылган акча-кредит саясатын жүргүзгөн. Жыл ичинде инфляциянын монетардык түзүүчүлөрүн чектөө максатында өлкөнүн борбордук банкы Улуттук банктын ноталарын сатуу сыяктуу эле, репо шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу аркылуу үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча операциялардын көлөмүн көбөйткөн. Алсак, Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү 2011-жылдын акырындагы 1,4 млрд. сомдон 2012-жылдын акырындагы 3,1 млрд. сомго чейин өсүп, репо шарттарында сатылган, жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын көлөмү 2011-жылдын акырындагы 0,2 млрд. сомдон 2012-жылдын акырындагы 0,8 млрд. сомго чейинки өсүшкө ээ болгон.

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча инфляциянын деңгээлин мүнөздөгөн керектөө баа индексинин өсүшү 2012-жылдын башынан бери 7,5 пайызды түзгөн (2012-жылдын декабрь айы 2011-жылдын декабрына карата), ал эми 2011-жылдын ушул эле мезгилинде ал 5,7 пайыздык көрсөткүчкө ээ болгон. Жылдык орточо инфляция 2,8 пайызды түзгөн болсо, 2011-жылы бул көрсөткүч 16,6 пайыз чегинде катталган эле.

Эсептик чен жыл ичинде 13,6 пайыздан 2,64 пайызга чейин төмөндөгөн.

Жыл жыйынтыгы боюнча акча базасы 17,7 пайызга көбөйүү менен 64,5 млрд. сом деңгээлинде калыптанган (2011-жылы акча базасынын өсүшү 12,8 пайызды түзгөн эле). М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмү отчеттук жыл ичинде 23,8 пайызга көбөйүп, 98,5 млрд. сомду түзгөн (2011 -жылы 14,9 пайыз).

2012-жылы банктар аралык валюта рыногундагы чет өлкө валютасына болгон талабы жана сунушу көбүнесе балансталынган. Ал Улуттук банкка валюта рыногундагы өзүнүн катышын төмөндөткөнгө шарт түзгөн. Ошентип, валюталык интервенциялардын дүң көлөмү 2012-жыл үчүн 47,9 млн. АКШ долларын, ал эми 2011-жылы – 401,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Отчеттук жылдын акырына карата АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсу жыл башынан тарта 1,97 пайызга жогорулаган (2011-жылы алмашуу курсунун 1,30 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган).

Алдын-ала маалыматтар боюнча «кирешелер» статьясы боюнча терс сальдонун төмөндөшүнө жана күндөлүк трансферттер эсеби боюнча профициттин көбөйүүсүнө карабастан, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр баласынын тартыштыгынын олуттуу көбөйүүсү, күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосунун 3,1 эсеге көбөйүүсүнө түрткү берген (ИДӨгө карата17,9 пайыз).

## Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн өзгөрүүсү

Улуттук банк 2012-жылы монетардык түзүүчүлөрдү чектөө максатында, орун алып турган инфляциялык тобокелдиктерди эске алуу менен үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча операция көлөмдөрүн арттыруу аркылуу, кыйла катуулатылган акча-кредит саясатын жүргүзгөн. Жыл жыйынтыгы боюнча акча базасы 17,7 пайызга же 9,7 млрд. сомго көбөйүү менен 64,5 млрд. сомду түзгөн (2011-жыл ичинде акча базасынын көбөйүүсү 12,8 пайыз чегинде катталган эле). Өкмөттүн операциялары акча базасын 12,3 млрд. сомго көбөйткөн болсо, Улуттук банктын операциялары аны 2,6 млрд. сомго кыскарткан.

2012-жылдын акырына карата жылдык туюндурууда алынган акча топтомдорунун номиналдык өсүш арымы 15,5 пайыздан 23,8 пайыз аралыгында турган, ал эми бул көрсөткүч 2011-жылдын акырында 13,7 пайыздан 15,6 пайыз аралыгында болгон эле. Акча топтомдорунун ичинен айрыкча, депозиттик базанын өсүшүнүн эсебинен[1] М2Х акча массасынын тез арымда көбөйүшү катталган.

М0 акча топтому (банктардан тышкаркы акча) 2012 –жыл ичинде 15,5 пайызга көбөйүп 54,5 млрд. сомду түзгөн (2011-жылы М0 көбөйүүсү 13,9 пайыз чегинде катталган).

Банктардан тышкаркы акчаны жана улуттук валютадагы депозиттерди камтыган М2 акча массасы жыл ичинде 24,7 пайызга көбөйүп, декабрь айынын акырында 77,4 млрд. сомду түзгөн (2011-жылы М2 15,6 пайызга көбөйгөн).

Улуттук валютадагы депозиттерди камтыган М2Х, кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы, жыл башынан бери 23,8 пайызга көбөйүү менен 2012-жылдын акырына карата 98,5 млрд. сомду түзгөн (2011-жылы – 14,9 пайызга). М2Х өсүшүнө негизги салымды депозиттердин көлөмүнүн көбөйүүсү кошкон[2], ал 2012-жылдын баш жагынан тарта 36,1 пайыздык өсүшкө ээ болгон (2011-жылы – 16,5 пайызга). Мында, улуттук валютадагы депозиттердин өсүшү жыл жыйынтыгы боюнча 53,9 пайызды түзгөн (2011-жылы 21,4 пайыз). Ушунун өзү калайык-калктын улуттук валютага карата ишениминин сакталып калышын гана эмес, аны жогорулагандыгын да тастыктайт. Чет өлкө валютасындагы депозиттер 20,8 пайызга өскөн (2011-жылы – 12,5 пайызга).

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын валюталык түзүмүндө улуттук валютадагы депозиттердин салыштырма салмагы 2012-жылдын акырына карата 23,3 пайызды (+4,5 п.п.), чет өлкө валютасындагы депозиттер – 21,3 пайызды (-0,5 п.п.) түзгөн.

2012-жылы экономикага кредиттин өсүшү 26,2 пайызды түзгөн[3], мында улуттук валютада кредиттөө 27,9 пайызга, чет өлкө валютасында кредиттөө – 24,6 пайызга арткан (2011 жылы тиешелүүлүгүнө жараша – 21,9 жана 19,9 пайыз).

М2Х акча топтому боюнча эсептелинген жүгүртүү тездиги отчеттук жыл ичинде жыл башындагы 3,8ден жылдын акырындагы 3,4кө чейин төмөндөгөн. Бул, экономиканын төмөндөшү алкагында акча массасынын озгон арымга ээ болушунун натыйжасында келип чыккан. Демек, М2Х акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэфициенти 2,9 п.п. көбөйүп, жыл акырында 29,0 пайыз чегинде катталган.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 2011-жылдын акырындагы 1,451ден отчеттук жылдын акырындагы 1,527ге чейин көбөйгөн. Буга кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын акча базасынын өсүш арымына караганда кыйла жогорку арымда болушу менен шартталган.

## Инфляция: натыйжалар жана тенденциялар

Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2012-жылы инфляция көрсөткүчү (2012-жылдын декабры 2011-жылдын декабрына карата) 7,5 пайызды түзгөн. Керектөө баа индексинин жылдык орточо мааниси 2,8 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Азык-түлүккө баа динамикасы 2012-жылдагы инфляциянын жалпы багытын аныктаган, алсак, жылдын биринчи жарымында товарлардын азык-түлүк тобуна баа, негизги айыл-чарба өсүмдүгүнөн 2011-12-маркетинг жылдары мол түшүм алынышы алкагында төмөндөгөн. Жылдын экинчи жарымында азык-түлүккө ички баанын өсүшү 2012-13-маркетинг жылдары бүткүл дүйнө сыяктуу эле, республика ичинде да, дан эгининин күтүлүп жаткан түшүмүнө баа берүүлөрдүн начарлашынан улам, тездеши жүргөн.

---

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске алуусуз.

[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске алуусуз.

[3] Экономикага кредиттин көбөйүүсүнө «Бай Тушум жана Партнерлор» МКБ сынын операцияларды баштоосу да таасир эткен («Бай Тушум жана Партнерлор» МКБсынын кредит портфели 2012 -жылдын акырына карата 3 043,8 млн. сомду түзгөн).

Азык-түлүк товарларынын түзүмүндө нан азыктары жана талканга эң чоң салыштырма салмак туура келет. Дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторунда 2012-жылы буудайга баа 18,4 пайызга өскөн (тоннасына 241 АКШ долларынан 286 АКШ долларга чейин), мында негизги өсүш жылдын экинчи жарымында жүргөн. Ал буудайга дүйнөлүк баа кескин өскөн негизги маркетингдик жылдын башталышынан тартып башталган. Бул Кыргызстандын ички рыногуна да таасир этекендигинен улам, 2012-жылдын август жана октябрь айлары ичинде "нан жана нан азыктар" тобуна баанын өсүшү, тиешелүүлүгүнө жараша 7,7 жана 4,4 пайыз чегинде катталган. Бүтүндөй алганда, 2012-жыл ичинде "нан жана нан азыктары" тобуна баанын өсүшү 9,3 пайызды түзгөн. 4-чейрек ичинде нан азыктары жана талканга баа 5,2 пайызга өсүп кеткен, бул 2012-жылы буудай өсүмдүгүнөн начар түшүм алынышынан улам, дүйнөлүк рынокто буудайга жана аны иштеткенден кийин алынган азыктарга баанын өсүшү менен шартталган.

Жалпысынан, керектөө куржунунун түзүмүндө 46 пайызга жакынды ээлеген азык-түлүктөргө баа 2012-жыл ичинде 4,5 пайызга өскөн. Азык-түлүктөн башка товарларга, акы төлөнүүчү кызматтарга, алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки заттарына баанын өсүш арымы жылдык мааниде алганда мурдагы чекте (9-10 пайыз) сакталып калган.

**1-таблица. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси**

| | 2012 ж. декабрь айы | | 2012 ж. январь-декабрь айлары 2011 ж. январь-декабрь айларына карата |
|---|---|---|---|
| | 2012 ж. ноябрь айына карата | 2011 ж. декабрь айына карата | |
| **Баардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **101,5** | **107,5** | **102,8** |
| Азык-түлүк товарлары жана алкоголсуз суусундуктар | 101,8 | 104,5 | 95,9 |
| Алкоголдук ичимдиктер жана тамеки заттары | 103,5 | 110,2 | 109,5 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 100,9 | 109,8 | 110,1 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,8 | 109,8 | 110,2 |

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча жашылча-жемишке баа 8,6 пайызга, анын ичинде мөмө-жемишке баалар 23,1 пайызга өсүп, жашылчалардын көбү 2,7 пайызга кымбаттаган.

Кыргызстанда кантка баанын динамикасы төмөндөө трендин тастыктоодо: канттын наркы жылдык мааниде алганда 5,4 пайызга төмөндөгөн, 2011-жылдын жыйынтыгы боюнча кантка баанын төмөндөшү 8,6 пайыз чегинде катталган.

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча «майлар жана тоң майлар» азыктар тобу боюнча баа 0,9 пайызга төмөндөгөн, ал эми 2011-жылы бул көрсөткүч 5,7 пайызга өскөн эле. "Майлар жана тоң майлар тобунун учурдагы баа динамикасы, көбүнэсе, өткөн сезондо май алынуучу өсүмдүктөрдөн мол түшүм алынышы менен шартталган.

Сүт азыгын жылдык мааниде алып караганда 8,0 пайызга кымбаттаган, 4-чейрек ичинде гана сүт азыгына баанын өсүшү 14,6 пайызды түзгөн.

Эт азыгына баа жыл жыйынтыгы боюнча жылдык туюндурууда 1,2 пайызга төмөндөгөн.

Азык-түлүккө ички баанын дүйнөлүк баа динамикасынан өтө эле көз карандылыгын, Кыргызстандын экономикасынын азык-түлүктөрдү импорттоп алынышы менен шартталган. Алсак, УСКнын маалыматтары боюнча 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде нан азыктарын керектөө түзүмүндө импорттун үлүшү 67,7 пайызды, буудайды жана аны кайра иштетүүдөн алынган азыктарды керектөөдө импорттун үлүшү 71,3 пайызды, өсүмдүк майларын керектөөдө импорт  64,7 пайызды түзгөндүгүн, ал эми кантты керектөө толугу менен импорт аркылуу камсыздалгандыгы белгиленген.

## 2-таблица. Кыргыз Республикасынын негизги тамак-аш азыктары боюнча азык-түлүк балансы

*(миң тонна)*

| | Нан азыктары данга карата кайра эсептөөлөр, миң. тонна | | | | Өсүмдүк майлары миң. тонна | | | | Кант жана и кондитердик азыктар кантка карата кайра эсептөөлөр, миң. тонна | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 9' 2009 | 9' 2010 | 9' 2011 | 9' 2012 [1] | 9' 2009 | 9' 2010 | 9' 2011 | 9' 2012 [1] | 9' 2009 | 9' 2010 | 9' 2011 | 9' 2012 [1] |
| **Түшүүлөр** | **3 236,5** | **3 265,6** | **3 156,8** | **2 988,0** | **63,0** | **81,0** | **72,0** | **66,2** | **128,2** | **103,7** | **86,6** | **86,4** |
| Жыл башына запас | 1 236,8 | 1 654,2 | 1 453,8 | 1 295,6 | 26,1 | 40,3 | 36,0 | 26,4 | 62,3 | 46,7 | 15,9 | 10,4 |
| Өлкөдө өндүрүлгөн | 1 580,0 | 1 298,3 | 1 385,4 | 1 166,0 | 12,1 | 12,8 | 11,1 | 9,9 | 0,2 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |
| Импорттолгон | 419,7 | 313,1 | 317,6 | 526,4 | 24,8 | 27,9 | 24,9 | 29,9 | 65,7 | 56,9 | 70,7 | 76,0 |
| **Керектөө** | **1 527,5** | **1 543,0** | **1 583,1** | **1 598,5** | **28,8** | **32,8** | **45,3** | **46,2** | **72,9** | **75,3** | **70,8** | **72,2** |
| Үрөнгө чыгашалар | 80,4 | 74,2 | 78,3 | 89,7 | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Малга тоют | 582,4 | 610,5 | 624,2 | 645,8 | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Жоготуулар | 57,8 | 58,3 | 54,6 | 51,8 | - | - | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,1 |
| Экспорттолгон | 41,5 | 33,4 | 54,6 | 34,2 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,2 | 0,6 | 0,7 | 0,4 |
| Калктын керектөөлөрү | 765,4 | 766,6 | 771,4 | 777,0 | 28,8 | 32,8 | 45,3 | 46,2 | 72,7 | 74,7 | 70,0 | 71,7 |
| **Бир мезгилдин акырына запас** | **1 709,0** | **1 722,6** | **1 573,7** | **1 389,5** | **34,2** | **48,2** | **26,7** | **20,0** | **55,3** | **28,4** | **15,8** | **14,2** |
| **Керектөө көлөмүндөгү импорттун үлүшү, %** | **54,8** | **40,8** | **41,2** | **67,7** | **86,1** | **85,1** | **55,0** | **64,7** | **90,4** | **76,2** | **101,0** | **106,0** |
| **Өндүрүүнүн көлөмүндөгү экспорттун үлүшү, %** | **2,6** | **2,6** | **3,9** | **2,9** | - | - | - | - | - | - | - | - |
| **Импорттон көз карандуулуктун коэффициенти** | **21,4** | **19,8** | **19,3** | **31,7** | **67,2** | **68,6** | **69,2** | **75,1** | **100,0** | **100,9** | **101,0** | **100,5** |
| **Жеткиликтүүлүк коэффициенти** | **80,7** | **82,3** | **84,0** | **70,3** | **32,8** | **31,4** | **30,8** | **24,9** | **0,3** | **0,2** | **0,0** | **0,0** |
| **Талапка карата калдыктардын өз ара катышы, %** | **111,9** | **111,6** | **99,4** | **86,9** | **118,8** | **147,0** | **58,9** | **43,3** | **75,9** | **37,7** | **22,3** | **19,7** |

[1] Алдын ала маалыматтар

Азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин өсүшү жылдык мааниде алганда 9,8 пайызды түзгөн, бул 2011-жылдагы көрсөткүчтөн 0,6 пайыздык пунктка жогору. Азык-түлүккө баанын өсүшүнө эң чоң салымды "кийим-кече жана бут кийим" товарлар тобуна баанын өсүшү кошкон. Товарлардын бул тобуна баа 15,9 пайызга, электрэнергиясына, газга жана отундун башка түрлөрүнө баа 3,9 пайызга, тиричилик буюмдарына жана техникаларына баа, декабрь айынын жыйынтыгы боюнча 9,9 пайызга өскөн. Күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы жылдык мааниде алганда 2,3 пайызга, анын ичинде бензинге баа 2,0 пайызга, дизель отунуна 6,8 пайызга өскөн.

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча акы төлөнүүчү кызматтарга баа индекси 9,8 пайызга көбөйгөн (2011-жылы 11,1 пайызга). Бул топко баа индексинин өсүшү, эң башкысы, тойканалар жана мейманканалар кызматтарынын 15,8 пайызга, билим берүүнүн (+8,5 пайызга), ошондой эле транспорттук кызматтардын (+7,2 пайызга) кымбатташынын эсебинен жүргөн. Саламаттыкты сактоо кызматтары 10,0 пайызга кымбаттаган.

### Реалдуу сектор

Алдын-ала маалыматтар боюнча ошол учурда түптөлгөн баада эсептелинген ички дүң өнүм көлөмү (ИДӨ) 304,3 млрд. сомду түзгөн, бул 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 0,9 пайызга төмөндөгөн. "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, кароого алынып жаткан мезгил ичинде ИДӨ көлөмү 5,0 пайызга өскөн (2011-жылы бул көрсөткүчтүн өсүшү 6,3 пайызды түзгөн эле). ИДӨ дефлятору 2011-жылдагы 22,5 пайызга караганда 7,4 пайыз деңгээлинде калыптанган.

ИДӨнүн 2012-жылдагы төмөндөшү негизинен, кайра иштетүү өнөр жай ишканаларында өндүрүштүн төмөндөшүнүн эсебинен жүргөн (-27,2 пайызга). Айрыкча "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларында кен казып алуу ишинин олуттуу басаңдашы буга айрыкча таасир эткен (-43,3 пайыз). Ошол эле учурда курулуш сектору (+17,3 пайызга), соода жүргүзүү жана унаа оңдоо иштери (+10,5 пайыз), транспорт жана байланыш (+8,9 пайыз), ошондой эле айыл-чарбасы (+1,2 пайыз) өсүшүн улантууда.

**3-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө салымы**
*(пайыздар)*

| | Салыштырма салмагы | | Өсүш арымы | | Өсүшкө салым | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2011** | **2012** | **2011** | **2012** | **2011** | **2012** |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 17,5 | 17,5 | 1,8 | 1,2 | 0,3 | 0,2 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 0,6 | 1,3 | 19,5 | 22,5 | 0,1 | 0,2 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 17,0 | 12,5 | 5,2 | -27,2 | 0,9 | -5,0 |
| Электроэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү | 3,1 | 3,0 | 21,9 | 5,2 | 0,7 | 0,2 |
| Курулуш | 5,5 | 5,7 | 2,5 | 17,3 | 0,1 | 0,9 |
| Соода; унаа оңдоо | 16,0 | 16,2 | 10,2 | 10,5 | 1,6 | 1,6 |
| Транспорт жана байланыш | 8,6 | 8,6 | 9,5 | 8,9 | 0,8 | 0,7 |
| Башкалар | 21,6 | 21,9 | 3,5 | 2,2 | 0,8 | 0,5 |
| Азык-түлүк таза салык | 10,2 | 13,4 | 6,0 | -0,9 | 0,6 | -0,1 |
| **ИДӨ** | **100,0** | **100,0** | **6,0** | **-0,9** | **6,0** | **-0,9** |
| **Кумтөр эске алынбаганда ИДӨ** | **87,8** | **93,4** | **6,3** | **5,0** | **5,6** | **4,4** |

*Булагы: УСК, КРУБ эсептөөлөрү*

2012-жыл ичинде өндүрүштүн физикалык көлөмү 20,6 пайызга төмөндөгөн. Өнөр жай продукцияларынын көлөмүнүн кыскарышы металлургия өндүрүшүндө (-44,0 пайыз), машиналарды жана жабдууларды жасап чыгарууда (-33,5 пайыз), резина жана пластмассадан жасоо өндүрүшүндө (-23,8 пайыз) өндүрүш көлөмүнүн төмөндөшү менен шартталган. «“Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү 6,1 пайызды түзгөн.

Ушуну менен катар эле тоо кендерин казып алуу өндүрүшүндө (+22,5 пайыз), текстиль жана тигүү өндүрүшүндө (+12,5 пайыз) продукциялардын физикалык көлөмүнүн өскөндүгү байкалган.

2012-жылы соода жүгүртүүнүн 11,1 пайызга арткандыгы белгиленген (2011-жылы өсүш 9,6 пайызды түзгөн).

Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү алдын-ала маалыматтар боюнча 2012-жылы андан мурдагы жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 21,5 пайызга көбөйүп, 62,6 млрд. сомду түзгөн. Инвестициялардын тармактык түзүмүндө салымдардын негизги үлүшүн тоо кен өнөр жайы – 28,0 пайыздык, транспорт жана байланыш – 15,4 пайыздык, электроэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү – 13,2 пайыздык чекти ээлейт.

## Тышкы экономикалык сектор[1]

2012-жылдын жыйынтыгындагы алдын-ала болжолдуу маалыматтар боюнча, «кирешелер» статьясы боюнча терс сальдонун төмөндөшүнө жана күндөлүк трансферттер эсеби боюнча профициттин сакталып тургандыгына карабастан, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгынын олуттуу өсүшү күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосунун 3,1 эсеге (ИДӨгө карата 17,9 пайызга) чейин көбөйүүсүнө алып келет.

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгынын 2 734,5 млн. АКШ долларына (64,3 пайызга өсүш) көбөйүүсү күтүлүүдө.

Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 4,8 пайызга төмөндөгөн жана 2 162,7 млн. АКШ долларында түптөлгөн. Алтынды эске албаганда экспорт 29,5 пайызга өсүү менен 1 637,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлөт. Отчеттук мезгил ичинде товарлардын импорту (ФОБ баасында) 24,4 пайызга көбөйүү менен 4 897,2 млн. АКШ доллары чегинде катталат.

Күндөлүк трансферттер боюнча таза агылып кирүү 2 017,9 млн. АКШ долларында түптөлөт, бул 2011-жылдагы көрсөткүчтөн 9,7 пайызга көп. Бул статья боюнча негизги өсүш

[1] Мунайзаттардын реэкспорту боюнча кошумча эсептөөлөрдү эске алуу менен алдын-ала болжолдуу маалыматтар боюнча

отчеттук мезгил ичинде, мурдагыдай эле, жеке трансферттердин эсебинен камсыз болот, анын таза агылып кирүүсү 11,5 пайызга көбөйүү менен 1 956,7 млн. АКШ долларын түзөт. Ушуну менен катар эле, расмий трансферттердин таза агылып кирүүсү 26,5 пайызга (61,2 млн. АКШ долларына) кыскарат.

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби 1 055,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо калыптанат, бул өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 72,3 пайызга көп.

Капитал менен операциялар эсебинин сальдосу анын 2011-жылдагы 37,5 млн. долларындагы терс маанисине каршы 153,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул негизинен, мигранттардын активдеринин таза агылып чыгуусунун 83,3 пайызга кыскарышынын эсебинен жүргөн.

Тике инвестициялар боюнча агылып кирүүнүн, 424,2 млн. АКШ долларына төмөдөшүнө карабастан, “башка инвестициялар” статьясы боюнча капиталдын 540,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө агылып кирүүсү финансылык эсептин алгылыктуу сальдосунун көбөйүүсүнө алып келет, ал 901,5 млн. АКШ доллары өлчөмүндө (2011-жылы 650,0 млн. долларында) түптөлөт.

Ошентип, кароого алынып жаткан жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми 203,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо түптөлөт. Дүң эл аралык камдардын көлөмү[1] келечектеги товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 3,7 айын жабат.

Алдын-ала маалыматтар боюнча сомдун номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси (НЭАК) 2012-жылдын башталышынан тартып 4,8 пайызга төмөндөө менен 2012-жылдын декабрь айынын акырына карата 110,7 түзгөн. Мындай төмөндөө, отчеттук жылдын декабрь айында сомдун 2011-жылдын декабрь айындагы орточо курсуна салыштырганда түрк лирине карата 6,0 пайызга, орус рублине карата 4,1 пайызга, кытай юанине карата 3,4 пайызга, АКШ долларына – 1,6 пайызга, еврого карата 0,9 пайызга нарксызданышы менен[2] шарталган. Ошону менен бирге эле, сомдун курсу казак тенгесине карата 0,1 пайызга бекемделген.

Инфляциянын төмөнкү деңгээлде экендигине карабастан,[3] негизги өнөктөш өлкөлөрдө сомдун НЭАК индексинин нарксызданышы реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин (РЭАК) төмөндөшүн шарттаган, ал 2011-жылдын декабрь айынан тартып 0,2 пайызга азаюу менен отчеттук жылдын акырында 112,3 түзгөн.

## Мамлекеттик финансы сектору

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2012-жылы 20,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 6,6 пайызды түзгөн, бул бюджет тартыштыгынын мыйзамда аныкталган деңгээлинен 1,4 млрд. сомго аз. Мында, жыл жыйынтыгы боюнча түптөлгөн тартыштык өлкөдө акыркы жылдар ичиндеги эң жогору болуп калган.

Бюджет тартыштыгын тышкы булактар эсебинен каржылоо 15,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,1 пайызды, ички булактар эсебинен – 4,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 1,5 пайызды түзгөн.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде бюджеттик каражаттардын финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларга (төмөнкү топтор боюнча операцияларды камтыйт: негизги фондулар, запастар жана жер) таза агылып чыгуусу 7,0 млрд. сомду же

[1] 2012-жылдын акырына карата дүң эл аралык камдардын көлөмү 2 066,6 млн. АКШ долларын түзгөн.
[2] Сомдун номиналдык эки тараптуу алмашуу курсу боюнча маалыматтар келтирилген, мында индексти эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2000-жыл алынган.
[3] Кыргыз Республикасында 2012-жыл ичинде инфляция 7,5 пайызды түзгөн, ал эми негизги соода – өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли, алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2,7 пайыз чегинде катталган.

ИДӨгө карата 2,3 пайызды (2011-жылы – 8,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,0 пайызды) түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдын-ала маалыматтары боюнча Социалдык фонддун бюджетинин тартыштыгы отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча 0,4 млрд. сом же ИДӨгө карата 0,1 пайыз, кирешеси – 30,0 млрд. сом же ИДӨгө карата 9,9 пайыз, чыгашалары – 29,7 млрд. сом же ИДӨгө карата 9,7 пайыз чегинде түптөлгөн.

Консолидацияланган бюджеттин тартыштыгы (мамлекеттик бюджет + Социалдык фондунун бюджети) 2012-жылы 19,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 6,5 пайызды түзгөн. Ал эми кирешелери 102,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 33,8 пайызды, чыгашалары– 122,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 42,2 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан жылы мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен кирешелери 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөргө салыштырганда 12,2 пайызга көбөйүү менен 86,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 28,5 пайызды (2011-жылы көбөйүү 34,8 пайызды) түзгөн.

Салык кирешелеринин түшүүсү 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 20,5 пайызга[1] же 10,9 млрд. сомго көбөйүү менен 63,9 млрд. сомду түзгөн. Бюджеттин операциялык ишкердиктен кирешелеринин жалпы көлөмүндө салыктык түшүүлөрдүн үлүшү өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 5,1 пайыздык пунктка көбөйүү менен 73,7 пайыз чегинде калыптанган. Салык кирешелеринин түшүүсү мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен кирешелеринин 14,1 пайыздык пунктка өсүшүнө салым кошкон.

Салыктык эмес түшүүлөр 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 10,2 пайызга көбөйүү менен 2012-жылы 17,2 млрд. сомду түзгөн. Салыктык эмес түшүүлөр мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен кирешелеринин 2,1 пайыздык пунктка өсүшүнө салым кошкон.

Расмий трансферттердин түшүүлөрү 35,3 пайызга же 3,1 млрд. сомго төмөндөө менен 5,6 млрд. сомду түзгөн. Мындай төмөндөө негизинен, эл аралык уюмдардан гранттардын кыскарышынын кесепетинен улам жүргөн. Натыйжада, расмий трансферттердин түшүүсүнүн азайуусу мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен кирешелеринин өсүш арымына 4,0 пайыздык пунктта терс салымын кошкон.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердикке чыгашалары 21,4 пайызга[2] же 17,6 млрд. сомго көбөйүү менен 2012-жылы 100,0 млрд. сомду түзгөн.

Бюджеттик чыгашаларды функционалдык негизде классификациялоого ылайык, отчеттук мезгил ичинде экономикалык маселелерге (1,9 п.п.), билим берүүгө (0,8 п.п.), социалдык коргоого (0,8 п.п.), саламаттыкты сактоого (0,6 п.п.), турак-жай ко ммуналдык кызматтарга (0,1 п.п.) чыгашалардын ИДӨгө карата көбөйгөндүгү байкалган. Коргоого, коомдук тартипке жана коопсуздукка чыгашалар 0,1 пайыздык пунктка кыскарган. Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга, эс алууга, маданиятка, динге жана айлана-чөйрөнү коргоого чыгашалар өзгөргөн эмес.

***2012 –жылдын декабрындагы мамлекеттик чыгашалар***

*2012-жылы мамлекеттик бюджеттин каражаттары текши бөлүштүрүлбөгөн тенденция сакталып турган. Өтүп жаткан жылы каражаттарды сарптоо төмөнкүчө жүзөгө ашырылган: 1 чейрек – 17,7 пайыз, 2 чейрек – 25,0 пайыз, 3 чейрек – 26,9 пайыз, 4 чейрек – 30,4 пайыз ( 2011-жылы: 1 чейрек – 15,9 пайыз, 2 чейрек – 25,7 пайыз, 3 чейрек – 24,3 пайыз, 4 чейрек – 34,1 пайыз). Мында, ай сайын каражаттар орточо 8,3 пайыз чегинде сарпталган болсо,, декабрь айына 15,5 пайыз туура келген.*

*Операциялык чыгашалар өтүп жаткан жылдын ноябрь айына салыштырганда 7,7 млрд. сомго көбөйүү менен декабрь айында 15,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,1 пайызды (2011-жылдын декабрында – 12,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 4,5 пайызды) түзгөн.*

*Операциялык чыгашалардын олуттуу көбөйүүсү, мамлекеттик инвестициялардын*

[1] Реалдуу маанисинде (КБИге корректировкаланган) 17,3 пайызга көбөйгөн.

[2] Реалдуу мааниде (КБИге корректировкаланган негизде) 18,1 пайызга көбөйгөн.

*программасынын алкагында гранттарды, кредиттерди жана займдарды өздөштүрүүнүн өсүшү эсебинен 2012-жылдын декабрь айында жүргөн. Өтүп жаткан жылдын декабрында МИПке камтылган "башка чыгашалар" ай ичинде 3,9 млрд. сомго көбөйүү менен 4,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 1,6 пайызды түзгөн.*

*Күндөлүк керектөөгө чыгашалар (эмгек акы, субсидиялар жана социалдык жөлөк пулдар) ай ичинде 1,8 млрд. сомго көбөйүү менен 6,1 млрд. сом же ИДӨгө карата 2,0 пайыз чегинде катталган.*

*Товарларды жана кызматтарды сатып алууга чыгашалар ай ичинде 1,6 млрд. сомго көбөйүү менен 3,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 1,1 пайызды түзгөн.*

Сырттан тартылган каражаттардын эсебинен чыгашалардын олуттуу өсүшү мамлекеттик карыздын көбөйүүсүн шарттаган, ал 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 9,5 пайызга же 13,6 млрд. сомго көбөйүү менен 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча 156,7 млрд. сомду (3,3 млрд. АКШ долларын[1]) же ИДӨгө карата 51,5 пайызды түзгөн. Ошентип, карыз деңгээли акыркы беш жыл ичиндеги карыздын орточо деңгээлинен 4,0 пайыздык пунктка жогору түптөлгөн.

Мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөөлөр 2012-жыл ичинде 2,9 млрд. сомду түзгөн (2011-жылы – 2,8 млрд. сом), булардын ичинен ички жана тышкы карыз боюнча салыштырма салмак жалпы пайыздык төлөмдөрдүн тиешелүүлүгүнө жараша 52,3 жана 47,7 пайызын түзгөн.

## 2.4. Финансы сектору

***Банк тутуму***

2012-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча[2] Кыргыз Республикасынын аймагында 23 коммерциялык банк (Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда) жана алардын 278 филиалы иштеп турган. Банк тутуму тарабынан жалпысынан 2 417,8 млн. сом өлчөмүндөгү пайда алынган (2011-жылы 22 коммерциялык банк жана алардын 254 филиалы иштеп турган жана алардын иш натыйжасы боюнча пайда 1 980,2 млн. сомду түзгөн).

2012-жылдын 31-декабрына карата банк тутумунун суммардык активдери 29,9 пайызга же 20,0 млрд. сомго көбөйүү менен 86,7 млрд. сом чегинде түптөлгөн (2011-жылы банк тутумунун суммардык активдери 66,7 млрд. сомду түзгөн).

2012-жылдын акырында коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан тарта 31,0 пайызга көбөйүп отуруп, 50,7 млрд. сомду түзгөн. Мында, көбөйүүнү депозиттик базаны валюталык түзүүчүлөрүнүн 22,4 пайызга өсүшү сыяктуу эле, сом түрүндө аманаттардын 39,5 пайызга өсүшүнүн эсебинен камсыз кылынган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агылып кирүү динамикасы тездегендиги катталган. 2012-жылы жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[3], 2011-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 15,6 пайызга көбөйүү менен 234,9 млрд. сомду түзгөн.

Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен жылдык мааниде алганда 0,1 пайыздык пунктка жогорулоо менен 2,3 пайызды түзгөн.

Чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттик чен 2011-жылдагы көрсөткүч деңгээлинде сакталып, 0,8 пайызды түзгөн.

Отчеттук жылда банктык кредиттөө рыногу ликвиддүүлүктүн олуттуу өзгөрүүсү катталбаган шартта, алмашуу курсу салыштырмалуу туруктуу болуп турган учурда

[1] 31.12.12 –жылга карата абал боюнча 1 АКШ доллары = 47,40 сом
[2] Маалыматтар коммерциялык банктардын регулятивдик отчетуна ылайык келтирилген.
[3] Жаңы кабыл алынган депозиттердин көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсептери эске алынбайт.

кредиттөө чөйрөсүн кеңейткен. Кредиттердин наркы салыштырмалуу жогору бойдон калгандыгына карабастан, улуттук валютада берилген кредиттер сыяктуу эле, чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо мааниси бир аз төмөндөгөн. Портфель түзүмүндө негизги салымды соода жүргүзүү, айыл чарба тармактарын кредиттөө жана керектөө кредиттери кошкон. Ошондой эле банк тутумунун кредит портфелинин сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн жакшыруусу байкалган: мөөнөтүндө орду жабылбаган карыздардын жана пролонгацияланган кредиттердин үлүштүк мааниси азайган.

2012-жылы айыл чарба секторун колдоо максатында иштелип чыккан «Фермерлерге жеткиликтүү кредиттер (ДКФ)-2» мамлекеттик программасынын алкагында сом түрүндө бул максатка бөлүнгөн 1 млрд. сом каражаттын ичинен жалпы суммасы 700,4 млн. сом болгон, 6,3 миң жеңилдетилген кредиттери берилген. Мында, ресурстар жылдык 7 пайыз алдында, өсүмдүк өстүрүүнү колдоо жана өнүктүрүүгө 12 айга, мал чарбасына 2 жылга сунушталган (2011-жылы кредиттик каражаттар 1 жылдык мөөнөткө, жылдык 9 пайыз алдында сунушталган эле). Аталган долбоор боюнча кредиттерди үлүштүк мааниде алганда, алар кароого алынып жаткан мезгил ичинде берилген кредиттердин жалпы көлөмүндө 1,8 пайызды ээлеген.

2012-жылдын аягына карата иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредиттик портфелинин көлөмү жыл башынан 28,5 пайызга көбөйүү менен, 40,1 млрд. сомду түзгөн. Мында, кредит портфелинин сомдук бөлүгү 18,6 млрд сом өлчөмүндө түптөлүп, 32,9 пайызга көбөйгөн. 2012-жылдын декабрь айынын аягына карата чет өлкө валютасында берилген кредиттер көлөмү 21,5 млрд. сомдук эквивалентинде түзүлүү менен, жыл башына карата тиешелүү көрсөткүчтөн 24,9 пайызга жогорулаган.

2012-жылы банктардын улуттук валютадагы кредит портфели боюнча орточо алынган пайыздык чен 0,6 пайыздык пунктка, 22,9 пайызга чейин жогорулаган, ал эми чет өлкө валютасында, тескерисинче, 17,3 пайызга чейин төмөндөгөн (-0,6 п.п.).

2012-жылы жаңы берилген кредиттердин көлөмү 38,1 млрд. сомду түзгөн, бул 2011-жылдын ушул көрсөткүчүнөн 19,3 пайызга жогору. Улуттук валютадагы кредиттер 12,5 пайызга, ал эми чет өлкө валютасында – 25,4 пайызга жогорулаган.

2012-жыл үчүн улуттук валютада жаңы берилген кредиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен 2011-жылдын ушул көрсөткүчүнө салыштырмалуу 0,8 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 23,0 пайызды түзгөн, ал эми чет өлкө валютасында - 0,5 пайыздык пунктка төмөндөө менен 19,1 пайызга чейинкини түзгөн.

Жаңы берилген кредиттер түзүмүндө соода тармагы мурдагыдай эле кыйла маанилүү бойдон калууда (49,7 пайыз) жана берилген кредиттер көлөмү 9,1 пайызга көбөйгөн. Каралып жаткан мезгил ичинде бул кредиттердин үлүшү 11,8 пайыздан 12,3 пайызга чейин өсүшүнө таасир эткен айыл чарбасын кредиттөөнүн көбөйүшү (24,0 пайызга) белгиленген. Керектөө кредиттери 26,0 пайызга өскөн, бул алардын үлүшүнүн 0,6 пайыздык пунктка, 10,9 пайызга чейин жогорулашына алып келди. Мындан тышкары, берилген ипотекалык кредиттер көлөмү 31,4 пайызга көбөйүшү белгиленген, мында алардын үлүшү 4,6 пайыздан 5,1 пайызга чейин жогорулаган. Өнөр жайга, транспортко, байланышка, даярдоого жана кайрадан иштеп чыгууга, курулушка жана социалдык кызмат көрсөтүүлөргө берилген кредиттердин салыштырма салмагынын суммасы 11,7 пайызды түзгөн. Ал эми “башка” кредиттер үлүшү 0,3 пайыздык пунктка азайып, 10,8 пайызды түзгөн.

2012-жылы улуттук валютадагы кредиттер боюнча орточо реалдуу чен 2011-жылдын ушул мезгилиндеги 17,1 пайызга каршы 14,4 пайызды түзгөн.

***Улуттук банктан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер***

2012-жылдын декабрь айынын акырына карата Кыргыз Республикасынын аймагында банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин (БФКМдердин) саны 810 түзгөн, алардын ичинен ААК «Кредиттик союздардын финансы компаниясы» (КСФК) – 1, кредиттик союздар (КС) – 183, микрокредиттик компаниялар – 242, микрокредиттик агенттиктер

(МКА) – 74, микрофинансылык компаниялар (МФК) – 4, алмашуу бюролору – 306 түзгөн (2011-жылдын ичинде БФКМдердин саны 931 эле).

БКМдердин кредит портфели[1] жыл башынан бери 2,1 пайызга (же 0,3 млрд. сомго) кыскарып[2], 2012-жылдын акырына карата 15,4 млрд. сомду түздү. Мындан тышкары, 2011-жылдагыга салыштырганда БФКМ карызгерлеринин саны 9,68 пайызга, 434149 адамга чейин азайгандыгы байкалган.

**4-таблица. БФКМдердин кредит портфели[1] (млн. сом)**

| БФКМдердин аталышы | 31.12.2011 | 31.12.2012 |
|---|---|---|
| ФККС | 434,8 | 409,2 |
| МФО (МФК, МКК/МКА)[2] | 14 498,6 | 14 060,9 |
| Кредиттик союздар | 1 231,7 | 1 344,6 |
| **Бардыгы болуп** | **15 730,4** | **15 405,5** |

[1] Маалыматтар ФККС эске алуусуз келтирилген (анткени ФККС кредиттери кредиттик союздарга берилген).
[2] МКК/МКА отчетторду жарым жылдык негизде сунушташат.

2012-жылдын декабрь айынын акырына карата ФККС кредиттери боюнча орточо алынган пайыздык чен 15,9 пайызды (2011-жылдын 31-декабрына карата 15,8 пайыз), кредиттик союздардыкы – 29,1 пайыз (2011-жылдын декабрь айына карата 29,0 пайыз) жана МФО кредиттери боюнча – 34,9 пайыз (2011-жылдын декабрь айына карата – 38,3 пайыз) түзгөн.

БФКМдердин депозиттик базасы жыл башынан бери 26,7 пайызга же 10,8 млн. сомго көбөйүп, 2012-жылдын акырына карата абал боюнча 51,3 млн. сомду түзгөн. Мында кредиттик союздарда депозиттик базаны жалпы көлөмү[3] 44,8 пайызга өсүп, отчеттук жылдын акырына карата 51,3 млн. сомду (31.12.2011-жылга карата – 35,5 млн. сомду) түзгөн.

---

[1] Маалыматтар ФККСти эске алуусуз берилди (анткени ФККМ кредиттери кредиттик союздарга берилген).
[2] Кредит портфелинин 2012-жылдагы өсүш арымынын төмөндөшү микрофинансылык уюмдардын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдүн киргизилиши жана алардын ишине карата талаптардын күчөтүлүшү менен шартталган. Мындан тышкары, 2012-жылдын 4-чейрегинде кредит портфелинин 3 млрд. сомго МФК «Бай-Түшүм жана Өнөктөштөр» ЖАКтын "Микрофинансылык банк "Бай-Түшүм жана Өнөктөштөр" ЖАКка өзгөртүп түзүлүшүнө байланыштуу келип чыккан..
[3] 12 кредит союз депозиттик операцияларды жүзөгө ашыруу укугуна лицензияга ээ (2012-жылдын акырына карата).